КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
БАЗАР-КОРГОН РАЙОНУ

“КЕҢЕШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ” МЕКЕМЕСИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
БАЗАР-КОРГОНСКИЙ РАЙОН

УЧРЕЖДЕНИЕ “АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
КЕНЕШСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА”

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**07-ноябрь 2025-жыл № 1** **Совет айылы**

**“Кеңеш айыл өкмөтүнө караштуу Кызыл-Октябрь айылынан Базар-Коргон шаарынын мэриясына таза суу кампа куруу үчүн жер тилкесин берүү жөнүндө”**

Кеңеш айыл өкмөтүнүн 03.11.2025-жылдагы № 10-6/772 сандуу катынын негизинде Кеңеш айыл өкмөтүнө караштуу Кызыл-Октябрь айылынан Базар-Коргон шаарынын мэриясы ичүүчү таза суу кампасын куруу максатында 2,0 гектар жер тилкесин сурап кайрылгандыгына байланыштуу, Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” мыйзамынын 18-беренесине, “Жер кодексинин” 23, 64-беренелерине ылайык, Мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, архитектура курулуш транспорт жана экология, Айыл чарбачылыгы жана муниципалдык менчик жерлердин натыйжалуу пайдалануу жана көрктөндүрүү иштери туруктуу комитетинин корутундусуна негиз, Кеңеш айылдык Кеңешинин IX-чакырылышынын кезексиз XIV-сессиясы угуп жана талкуулап **токтом кылат:**

1. Кеңеш айыл өкмөтүнө караштуу Кызыл-Октябрь айылынан ичүүчү таза суу кампасын куруу үчүн Базар-Коргон мэриясына жергиликтүү тургун Кадыркулов Мырзабектин үлүшүнөн баштап жогору көздөй 2,0 гектар жер тилкесин берүү жагы жактырылсын.

2. Токтомдун мыйзамдуу аткарылышын, жердин чектерин белгилөө жана жер пайдалануу эки тараптуу келишимин түзүү Кеңеш айыл өкмөтүнүн башчысы Э.Турдукуловко жана юрист Жумали кызы Алтынайга милдеттендирилсин.

3. Токтом Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актылары жөнүндөгү” Мыйзамына ылайык Кеңеш айыл өкмөтүнүн расмий WEB сайтына жарыялансын.

4. Токтомду көзөмөлдөө жагы Кеңеш айылдык Кеңешинин төрагасынын орун басарлары Э.О.Оморовко жана Б.К.Матишевке жүктөлсүн.

**Төрага** **С.К.Сатаров**